| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ | | МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|---|

**БУЙРУК** | **ПРИКАЗ**

№ 273 | «23» 08 2023 ж.(г.)

**"Кыргыз темир жолу" Улуттук компания" МИнин жүк ташуу тарифтерин 10 пайызга жогорулатуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси А.У.Жапаровдун 2023-жылдын 15-августундагы №24-7527 тапшырмасын аткаруу максатында, ошондой эле темир жол жүк ташууларына тарифтин 10 пайыздык жогорулашы учурдагы тарифтик коюмдарга карата 1,1 коэффициент түзөрүн жана 2023-жылдын 22-августундагы №09-1/1596 Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын катын эске алуу менен, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2022-жылдын 21-декабрындагы № 454 буйругу менен бекитилген 2023-жылга Тарифтик колдонмонун колдонуудагы тарифтерине 1,1 коэффициенти колдонулсун.
2. "Кыргыз темир жолу" УК" мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине 2024-жылга Тарифтик колдонмонун долбоорун (экспорттук, импорттук, транзиттик жана республика ичиндеги жүк ташууда темир жол менен ташуулардын тарифтери) 10 пайызга көбөйүүнү эске алуу менен 1 ноябрга чейин киргизсин.
3. Бул буйрук 2023-жылдын 7-сентябрынан тартып күчүнө кирет жана 2023-жылдын 31-декабрына чейин (кошкондо) колдонулат.
4. "Кыргыз темир жолу" УК" Мамлекеттик ишканасы ушул буйрукту колдонууга байланыштуу маалыматты массалык маалымат каражаттарында жарыяласын.
5. Тышкы байланыштар жана интеграция бөлүмү жана Транспорт башкармалыгы Евразия экономикалык комиссиясына дипломатиялык каналдар аркылуу 2023-жылдын 1-сентябрынан баштап 10 пайызга темир жол тарифтеринин жогорулашы жөнүндө маалымдасын.
6. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Министрдин орун басары** | **Ы.Ж.Бариев**